КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ

СУЗАК РАЙОНУ
КАРА-ДАРЫЯ АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

СУЗАКСКИЙ РАЙОН
КАРА-ДАРЬИНСКИЙ АИЛНЫЙ
КЕНЕШ

**Кара-Дарыя айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезектеги I сессиясы**

## ТОКТОМ № 1

**Арал** айылы

2026-жылдын 10-февраль

**«Кара-Дарыя айыл өкмөтүнүн 2025-жылга жергиликтүү бюджетинин аткарылышынын отчетун, 2026-жылга жергиликтүү бюджетинин киреше,чыгашаларын бекитүү жөнүндө»**

Кара-Дарыя айылдык кеңешинин IX - чакырылышынын кезектеги I - сессиясы, Кара-Дарыя айыл өкмөтүнүн 2025-жылга жергиликтүү бюджетинин аткарылышын жана 2026-жылга киреше жана чыгашалардын бекитүү жөнүндө социалдык экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Ж.Борбугуловдун билдирүүсүн, айылдык кеңешинин бюджет комитетинин билдирүүлөрүн угуп, талкуулап, Кара-Дарыя айылдык кеңеши төмөндөгүдөй токтом кылат:

## ТОКТОМ:

1. Кара-Дарыя айыл өкмөтүнүн айылдык кенеши 2025-жылга жергиликтүү бюджетинин аткарылышынын отчетун канааттандырарлык деп табылсын.

2. Кара-Дарыя айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 2026-жылга бюджетинин долбоору жөнүндө айылдык кеңешинин бюджет комитетинин билдирүүсү эске алынып, 2026-жылга айыл өкмөтүнүн кирешелери салык түрлөрү боюнча бюджеттик каражаттардын суммасы 34095,7 миң сомго, атайын каражаттардын суммасы 12000 млн сом жалпысынан 46095,7 миң сомго **№1-тиркемеге** ылайык ал эми, бюджеттин чыгашалары 46095,7 мин сом **№ 2-тиркемеге** ылайык бекитилсин.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 20-июнундагы №208-б буйругуна ылайык электроэнергияга бөлүнгөн 580,4 миң кВт лимити бюджеттик мекеме уюмдар боюнча **№ 3- тиркемеге** ылайык бекитилсин жана жеткирилген лимиттерди сактоо мектеп директорлоруна, мекеме уюмдардын жетекчилерине милдеттендирилсин жана көзөмөл жүргүзүлсүн.

5. Айыл өкмөт аймагында жайгашкан Көпөлөк, Ак-тилек, Айданек, Мамалак, Үмүт, Айзирек жана Келечек Нуру мектепке чейинки билим берүү мекемелерине ата-энелерден түшүүчү (атайын каражат) төлөмдөрдүн жалпы суммасы 12000 млн сомго **№ 4-тиркемеге** ылайык бекитилип балдардын тамак ашына максаттуу багытталсын жана казыналык система аркылуу жумшоосу белгиленсин.

6. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 24-беренесине ылайык айыл өкмөтүнүн резервдик фонду 600,0 миң сом өлчөмүндө бекитилсин жана аны пайдалануу багыты ушул кодексте көрсөтүлгөн жоболорго ылайык жүргүзүлсүн.

7. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 10.02.2026-жылдагы № 81-токтомунун негизинде Кара-Дарыя айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин 16 штат бирдиги жана 1 статист-экономист кызматкери менен 9 кызматкери келишимдин негизинде кармалсын. Ал эми айлык акылары Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 Жарлыгынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 12.07. 2024-жылдагы № 381 Токтомуна ылайык келишимдин негизинде алынган кызматкерлердин эмгек акысына эсептелген нормага ылайык 1039,7 мин сом эмгек акылары жана 1368,2 мин сом социалдык фондко чегерүүлөр менен **№ 5-тиркемеге** ылайык бекитилсин.

8. Ыйгарым укуктуу кызматтар үчүн (эконмист-статист) республикалык бюджеттен каржыланышын эске алып, жергиликтүү бюджеттин башкаруу бөлүмүнүн эмгек акы фондусуна 9540,5,0 мин сом жана социалдык фондко чегерүүлөргө 1295,4 мин сом. Айылдык кенеш бөлүмүнө 470,9 миң сом,социалдык фондго чегерүүсү 59,1 миң сом бекитилсин

9. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 48-беренесине, 29.07.2024-жылдагы № 152 " Жайыттар жөнүндөгү" Мыйзамынын 11-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 19.062009-жылдагы № 386 жайыттар жөнүндөгү мыйзамын ишке ашыруу боюнча токтомуна ылайык жайыт пайдалануучулардан жыйналуучу жайыт ижарасынын киреше чыгалары 517,7 мин сом өлчөмүндө **№ 6-тиркемеге** ылайык бекитилсин жана жайыттан жыйналган каражаттарды максаттуу пайдалануу айыл өкмөттүн муниципалдык ишканасынын директоруна милдеттендирилсин, аны көзөмөлдөө айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.

10. Башкаруу бөлүмүнүн 2026-жылга чыгымдарынын бөлүнүшү **№ 7-тиркемеге** ылайык 7925,4 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

11. Айыл өкмөтүнүн башчысынын унаа чыгымдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30-апрель 2022-жылдагы № 240-токтомунун негизинде аныкталган 358,0 мин сомду төлөп берүү **№ 8-тиркемеге** ылайык бекитилсин.

12. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин2025-жылдын 25-июлундагы №633-ттескемесине ылайык,лизинг менен алынган кызматтык автоунаанын төлөмүн төлөөгө 333,6 миң сом түзүлгөн келишимдин негизинде бекитилген тартиби боюнча төлөнүп берилсин.

13. Турак жай жана коммуналдык кызматтар бөлүмүнүн чыгымдарынын бөлүнүшү **№ 9 тиркемеге** ылайык жалпысынан 8240,0 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

14. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27.08.2019-жылдагы № 429 токтомунун 2,3 тиркемелеринин негизинде маданият бөлүмүнүн кызматкерлеринин 4 штат бирдиги кармалсын жана алардын эмгек акысы КР Министрлер Кабинетинин 30.03.2022-ж № 185 токтомунун 3,5-тиркемелерине ылайык 885,9 миң сом, социалдык фондко чегерүүлөр 152,8 мин сом **№ 10-тиркемеге** ылайык бекитилсин жана китепканачыларга зыяндыктар кошумча төлөөдө керектүү иш кагаздарынын негизинде эсептөө айыл өкмөттүн эсепчисине жүктөлсүн.

15. Маданият бөлүмүнө каралган ар түрдүү башка чыгымдары 390,0 миң сом өлчөмүндө **№ 11-тиркемеге** ылайык бекитилсин

16. 2024-жылы ачылган Келечек балдар бакчасынын кызматкерлеринин эмгек акы менен социалдык фондко чегерүүлөрү республикалык бюджеттен 2025-жылга каржыланбагандыктан жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 23.07.2028-жылдагы № 336 жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.03.2022-жылдагы № 181

токтомдорунун негизинде 4258,3 миң сом эмгек акы менен 734,6 мин сом социалдык фондко чегерүүлөргө жергиликтүү бюджет эсебинен төлөөгө акча каражаты жетишсиз болгондуктан, Республикалык бюджеттен суралсын **№ 12-тиркемеге** ылайык бекитилсин.

17. Билим берүү бөлүмүнүн бала бакчасынан башка чыгымдары 2237,7 миң сом өлчөмүндө №13-тиркемеге ылайык бекитилсин.

18. Билим берүү бөлүмүнүн башка чыгымдары 1662,3 миң сом өлчөмүндө **№14-тиркемеге** ылайык бекитилсин.

19.Мектептерди жана балдар бакчаларын 2025-2026-окуу жылына кышка отун жана көмүр менен камсыз кылуу үчүн 1600,0 миң сом өлчөмүндө акча каражаты бөлүнүүсү **№15-тиркемеге** ылайык бекитилсин

20. Социалдык камсыздоо бөлүмүнүн чыгымдары 718,0 миң сом өлчөмүндө **№16-тиркемеге** ылайык бекитилсин.

21. Айыл өкмөтүнүн 2026-жылдагы жергиликтүү бюджеттик чыгымдарына өзгөртүү киргизүү КРнын Бюджеттик Кодексинин 115-беренесине ылайык, бюджет боюнча туруктуу комиссиянын сунушу менен айылдык кеңештин сессиясынын токтомунун негизинде 2026-жылга бекитилген бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнө тактоолорду жүргүзүү жагы Финансы Министрлигинин Сузак башкармалыгынан суралсын.

22. Аталган токтом Кара-Дарыя айыл өкмөтүнүн расмий htts://kara-darya.gov.kg/ сайтына жарыялансын.

23. Токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы Ы. Атабаевге милдеттендирилсин.

24. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Кара-Дарыя айыл өкмөтүнүн башчысы Т. Бобошевге жана бюджет боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы М. Сексенбаевга жүктөлсүн.

Төрага: У. Абдыгапаров